ОшМУнун теология факультетинин
Окумуштуулар кеңешинин
2023-жылдын “ 20 ” сентябры
№ 1 жыйынында бекитилген
Декан ______ З. Ажимаматов

# Ош мамлекеттик университетинин «Теология» жогорку кесиптик билим берүү программасынын 2023-2028-жылдарга стратегиялык өнүгүү планы

## 1. Киришүү

Ош мамлекеттик университети жогорку билим берүү чөйрөсүндө сапатты арттырууну, эл аралык деңгээлде таанылууну жана мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуу максатын көздөйт. «Теология» багыты боюнча билим берүү программасынын өнүгүүсү ОшМУнун жалпы адамзаттык баалуулуктарга жана туруктуу өнүгүүгө багытталган миссиясына ылайык келет.

Теология жогорку кесиптик билим берүү программасы коомдогу диний жана руханий баалуулуктарды түшүнүү жана баалоо, адам укуктары, диний эркиндик жана толеранттуулук принциптерин негизги компонент катары караган заманбап адистерди даярдоого багытталган. Бул программаны ишке ашыруу менен бүтүрүүчүлөр диний түшүнүктөрдү терең түшүнүп, дүйнөлүк маданиятка жана өнүгүүгө салым кошууга жөндөмдүү болот.

## 2. Миссия жана максаттар

**ОшМУнун миссиясы:** жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ болгон жана мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуучу заманбап адистерди даярдоо (ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 31-мартындагы № 7 жыйынынын ЧЕЧИМИ).

**Теология багыты боюнча ББПнын максаты:** жалпы адамзаттык баалуулуктарга таянып, мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошууга жөндөмдүү, илимий изилдөө, педагогикалык жана эксперттик иштерди аткара алган инсандык сапаттары жогору жана кесиптик компетенциялары өнүккөн теология жаатындагы адистерди даярдоо.

ББПнын максатына ылайык төмөнкүдөй стратегиялык максаттар белгиленди жана аларды ишке ашыруунун иш чаралары иштелип чыкты.

| **Стратегиялык максат** | **Иш чаралар** | **Жооптуулар** | **Күтүлүүчү натыйжалар** |
|---|---|---|---|
| **1. Академиялык жана педагогикалык сапатты жогорулатуу** | - Окуу планын жана программаларын жаңылоо жана актуалдаштыруу<br>- Окутуучулар үчүн семинарлар, тренингдер жана мастер-класстар уюштуруу<br>- Мыкты окутуу жана изилдөө методдорун ишке киргизүү | - Теология факультетинин деканб программа жетекчиси<br>- Окутуучулар | - Окуу планынын жана окуу программаларынын мазмуну эл аралык стандарттарга шайкеш келет.<br>- Окутуучулардын педагогикалык деңгээли жогорулайт<br>- Студенттердин билим сапаты жогорулайт |
| **2. Кесиптик даярдыкты жана ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу** | - Теология жана дин таануу боюнча практикалык курстарды уюштуруу<br>- Студенттер үчүн стажировка жана иш тажрыйбасынын мүмкүндүктөрүн кеңейтүү<br>- Диний сабырдуулук жана жарандык жоопкерчилик боюнча коомдук иш-чаралар өткөрүү | - Теология факультетинин деканаты, кафедра<br>- Бүтүрүүчүлөр менен иштөө боюнча жооптуу | - Студенттердин теориялык билими практикалык көндүмдөргө айланат<br>- Кесиптик даярдыктын деңгээли жогорулайт<br>- Студенттердин жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү кеңейет |
| **3. Эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү** | - Эл аралык алмашуу программалары жана теологиялык изилдөөлөр боюнча коллаборациялар түзүү<br>- Эл аралык конференциялар жана симпозиумдарга катышуу<br>- Глобалдык теологиялык изилдөөлөрдө активдүү катышуу | - Теология факультетинин жетекчилиги | - Теология факультетинин эл аралык аброю жогорулайт<br>- Студенттер жана окутуучулар эл аралык тажрыйба алмашат<br>- ОшМУнун эл аралык деңгээлде таанылышына салым кошулат. |
| **4. Жаңы технологияларды жана инновацияларды билим берүү процессине киргизүү** | - Онлайн жана гибриддик билим берүү платформаларын киргизүү. | - IT бөлүмү<br>- окутуучулар | - Студенттер үчүн онлайн жана гибриддик курстарды колдонуу мүмкүнчүлүктөрү кеңейет. |

| Стратегиялык максат | Иш чаралар | Жооптуулар | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|
| | - Технологиялар аркылуу билим берүү методдорун жаңылоо.<br>- Мобилдик колдонмолор жана санариптик ресурстарды ишке киргизүү. | | - Билим берүү процессинин сапаты жана жеткиликтүүлүгү жогорулайт. |
| **5. Коомдук жана жамааттык кызматташтыкты жандандыруу** | - Диний толеранттуулук жана сабырдуулук боюнча коомдук иш-чаралар өткөрүү<br>- Студенттердин коомдук долбоорлорго катышуусун жандандыруу<br>- Жергиликтүү жана эл аралык диний уюмдар менен кызматташуу. | - Теология факультетинин деканаты, кафедра<br>- Жаштар комитети | - Теология факультетинин коомдук ишмердүүлүгү жана коомдук жоопкерчилиги жогорулайт.<br>- Студенттердин коомдук ишмердүүлүгү жана аракети кеңейт.<br>- Диний жана маданий баалуулуктарды жандандыруу ишке ашат. |

«Теология» жогорку кесиптик

билим берүү программасынын жетекчиси: [signature] А. Абдуганиев